Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2011-жылдын 29-апрелиндеги
N 196 токтому менен
бекитилген

# Өрттү аныктоонун жана өчүрүүнүн автоматташтырылган системалары менен корголууга тийиш болгон имараттардын, курулмалардын, жайлардын жана жабдуулардын ТИЗМЕСИ

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 6-мартындагы N 116, 2013-жылдын 10-сентябрындагы N 509, 2018-жылдын 11-июнундагы № 277 токтомдорунун редацияларына ылайык)*

*(Преамбула КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 11-июнундагы № 277 токтомуна ылайык алынып салынды)*

## 1. Колдонуу тармагы

1.1. Бул ченемдер өрттү аныктоонун жана өчүрүүнүн автоматташтырылган системалары (мындан ары - ӨТӨАС) менен корголууга тийиш болгон имараттарды, курулмаларды, жайларды жана жабдууларды аларды түзүүнүн жана эксплуатациялоонун бардык этаптарында коргоону регламенттештирүүчү өрт коопсуздугунун негизги талаптарын 1-таблицага ылайык белгилейт.

1.2 Тизмеде көрсөтүлгөн объекттерде, өз алдынча турган киоск, бутик, устаканаларда, коттедж, өндүрүш жана тиричилик жайларында, ошондой эле чакан көлөмдүү жайларда, ӨТӨАСтын ордуна модулдук өрт өчүрүүнүн автоматташтырылган порошоктук жабдууларын орнотуу каралышы мүмкүн.

1.3. Бул ченемдер ведомстволук таандыктыгына жана уюштуруучулук-укуктук формасына карабастан, Кыргыз Республикасынын бардык юридикалык жана жеке тараптарынын аткаруусу үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2. Жалпы жоболор

2.1 Өрттү аныктоонун жана өчүрүүнүн автоматташтырылган системалары менен корголууга тийиш болгон имараттардын, курулмалардын, жайлардын жана жабдуулардын тизмеси бул тизмеге ылайык аныкталат.

2.2 Өрт өчүрүүнүн автоматташтырылган системалары менен жабдылган имараттарда жана жайларда техникалык өрт өчүрүү каражаттары орнотулбайт.

2.3 Технологиялык жабдууларды ачык аянтчаларга жана жарылуу өрт коркунучтуулугу боюнча А, Б, В категорияларына киргизилген ачык кампаларда жайгаштырууда 2.04.09-84 курулуштун ченемдерине жана эрежелерине ылайык өрттү кабарлоонун кол системалары орнотулат.

2.4 Бул Тизмеге кирбеген имараттарды, жайларды, курулмаларды жана жабдууларды өрттү аныктоо жана өчүрүү каражаттары менен жабдуу зарылдыгы мамлекеттик өрт көзөмөл органдары менен макулдашуу боюнча аныкталат.

2.5 Өрттү аныктоо жана өчүрүү жабдуулары менен жабдылган объекттерде өрт жөнүндө адамдарга кабарлоонун борбордук системасын караштыруу керек.

2.6. Өрттү аныктоо жана өчүрүү, өрт жөнүндө кабарлоо жабдуулары күнү-түнү иштөөгө тийиш.

2.7. Бул Тизмеде көрсөтүлгөн имараттарда жана курулмаларда бардык бөлмөлөр жана жабдуулар, төмөндөгү көрсөтүлгөн жайларды кошпогондо, Өрттү аныктоонун жана өчүрүүнүн тийиштүү жабдуулары менен корголушу керек:

а) суу колдонуу процесстери жүргөн (душ, санитардык түйүндөр, жуунгучтар ж.б.) бөлмөлөр;

б) күйүүчү материалдар болбогон желдетүүчү камералар, насос, бойлердик жана башка техникалык жайлар;

в) жарылуу өрт коркунучу боюнча Д категориясына кирген.

2.8. Өрттү аныктоо жана өчүрүү жабдуулары белгиленген тартипте бекитилген ченемдик документтерге ылайык долбоорлонушу жана орнотулуусу зарыл.

2.9. Эгерде өрт өчүрүү системасы менен жабдылууга тийиш болгон жайлардын аянты имараттын кабаттарынын жалпы аянтынын 40%ин же андан ашыгын түзсө, анда бардык имаратты өрт өчүрүү системасы менен жабдуу каралышы керек.

3.0. Өрттү аныктоонун автоматташтырылган зымсыз системалары мамлекеттик өрт көзөмөлү органдары менен макулдашуу боюнча турак жай имараттары жана өрттүн чыгышы анча кооптуу эмес объекттер үчүн колдонулат.

1-таблица

**Өрттү аныктоонун жана өчүрүүнүн автоматтык системалары менен корголууга тийиш болгон имараттардын, курулмалардын, жайлардын жана жабдуулардын**
**ТИЗМЕСИ**

| Имараттар, курулмалар жана жабдуулар | АӨКО жана АӨӨЖО менен корголууга тийиш жайлар | АӨӨЖО же АПӨМО | АӨКО | АӨКО кабарлоо түрлөрү | АӨӨЖО түрү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. Коомдук жана администрациялыктиричилик | | | | | |
| 1.1. Китепканалар, архивдер: | | | | | |
| - 500 миң жана андан ашык сактоо фондуна ээ болгон | Кызмат каталогдорун жана тизмелерди сактоочу жайлар | + | | | Газдуу |
| - 500 миңден аз сактоо фондуна ээ болгон | N 1 эскертүүдө келтирилген жайлардан башка жайларда | | + | Администрациялык тиричилик жайларында - жылуулуктуу, башкаларда - түтүндүү | |
| 1.2. Өзгөчө басылма, отчеттордун, кол жазмалардын жана башка өзгөчө баалуу документтердин архивдери анын ичинде тергөө | Өзгөчө басылмаларды, отчетторду, кол жазмаларды жана башка өзгөчө баалуу документтерди сактоочу, берүүчү жайлар | + | | | Газдуу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| бөлүмдөрү | | | | | |
| 1.3. Көргөзмө павильондору жана залдары: - 1000 чарчы м. жана андан ашык көлөмдөгү бир кабаттуу жайлар | | +<br>+ | | | Газдуу |
| - 1000 чарчы м. аз (фойе, вестибюл ж.б. убактылуу көргөзмө үчүн колдонулган жайлар) | Көргөзмө залдарды, экспонаттарды, архивдерди сактоочу администрациялык-тиричилик жайлар | | + | Көргөзмө залдары, экспонат сактагычтар, архивдер - түтүндүү, администра-циялык-тири-чилик жайлар - жылуулуктуу | |
| - эки кабаттуу жана андан ашык | | + | | | |
| 1.4. Банктар, күрөөканалар | Акча, баалуулуктар, баалуу буюмдар, баалуу кагаздар сакталуучу жай | | + | | |
| | Операциялык зал, офистер ж.б.у.с. | | + | Администрация лык- тиричилик жайларында-жылуулукту, башкаларда-түтүндүү | |
| 1.5. Бекеттер: - темир жол, автобекеттер, аэробекеттер, аэропорттор | Жүктөрдү жана кол жүктөрүн сактоо жайлары (камералар), автоматташтырылган уяча менен жабдылгандан башка | + | | | Макулдаш уу боюнча - |
| 1.6. Мейманкана, отель, мотел, кемпинг, конок үйлөрү: | | | | | |
| - 10 кабаттуу жана андан ашык | Мейманкана бөлмөлөрү, сактоо камералары, тамак-аш бөлмөлөрү, кампа жайлары, конференц-залдар, брифинг-залдар жана коомдук маданий жайлар | + | + | Коридорлор, фойе, холлдор, кийим илчү бөлмөлөрү, башкаруу пульттары, сактоо камералары, оргтехникалары жайгашкан жайларда - түтүндүү, башкаларда | Макулдаш уу боюнча |
| - 10 кабаттан төмөн | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | - жылуулуктуу | |
| 1.7. Турак имараттары:<br>- жатаканалар, карылар жана майыптар үчүн атайын үйлөр, наристелер үйү | Санитардык түйүндөрдөн, душтардан, кир жуучу жайдан тышкары бардык жайларда (3-бөлүмдө көрсөтүлгөн жайлардан башка) | | + | Жылуулуктуу (оптикалык-электрондук, зымсыз, даректүү) | |
| 1.8. Маданий оюн-зоок мекемелери | Сахна жана арьерсахна колосниктердин асты, жумушчу галереянын алдынкы катарда жана алардын өтмө көпүрөлөрү, сейфте жана сахнада тоголотуп жасалган декорациялар- дын, ошондой эле квартал өтмө жери, арьерсахнанын чөнтөктөрү жана конструкциялар- дын киргизилген трюм бөлүмү, сахна жабдуулары жана көтөрүү-түшүрүү жабдуулары, сахна жана арьерсахнанын жабдуусу, бүтүн жумушчу галереялар жана өтмө көпүрөлөр (эң алдынкылардан башкалары), трюмдар (сахнага киргизилген жабдуулардан башкалары), сахна чөнтөктөрү, жана сахнанын үстүндө колосник жана трюм болгон жайлар, кампа жайлары, көлөмдүү декорациялар, бутафория, реквизиттердин монтаждоо устаканасы, жыгач устаканасы, фураж, инвентарь жана тиричилик кампалары, | + | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | жарнама чыгаруу жана сактоо жайлары, жаныбарлар жайлары, көрүүчүлөр залынын чатыр астындагы мейкиндиги | | | | |
| 1.9. Күйүүчү полимер жылуулаткычы менен жасалган жеңил металл конструкциялар- дан (чыдамдуулугу IV даражадагы) турган бир кабаттуу имараттар коомдук жайлар:<br>- 800 чарчы м жана андан ашык<br>- 800 чарчы м аз | | АПӨМ О | + | Макулдашуу боюнча | |
| Административдык-тиричилик жайлары: 1200 чарчы м жана андан ашык | | + | | | |
| - 1200 чарчы м аз | | | + | | |
| 1.10. Имараттын пландаштырылган жерден акыркы кабаттын полуна чейинки 30 м жана андан ашык бийиктиктеги имараттар (турак жай имараттарынан башкалары) | Коомдук жана административдыктиричилик жайлар | + | | | Макулдашуу боюнча |
| 1.11. Дарылоо-профилактикалык, төрөт үйү, оорукана, госпиталдар, стационардык дарылоочу клиникалар, санитардык-эпидемияга каршы, дарыкана мекемелери | Санитардык түйүндөрдөн, душтардан, кир жуучу жайдан тышкары бардык жайларда (N 1 тиркемеде берилген жайлардан башкасы) | | + | административдык-тиричилик жайларда - жылуулуктуу, башкаларда - түтүндүү | |
| 1.12. Соода ишканалары: - соода аянты 3500 чарчы м жана андан ашык болгон бир кабаттуу | Бардык жайларда (3-бөлүктө көрсөтүлгөн жайлардан башкасы) | + | | Оргтехника жайгашкан жайларда - түтүндүү, башкаларда - жылуулуктуу | Суулуу, порошоктук |
| - жалпы соода аянты 3500 чарчы м аз | | | + | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Эки кабаттуу - аянты 3500 чарчы м жана андан ашык имараттар | | + | | | |
| - аянты 3500 чарчы м аз имараттар | | | + | | |
| Үч жана андан ашык кабаттуу | | + | | | |
| Башкага арналган имараттын ичине киргизилген: | | | | | |
| Жер астындагы жана цоколдук кабаттар: - 300 чарчы м жана андан ашык | | + | | | |
| - 300 чарчы м аз | | | + | | |
| Жер үстүндөгү кабаттар: | | | | | |
| - 500 чарчы м жана андан ашык | | + | | | |
| - 500 чарчы м. аз | | | + | | |
| - 10дон көп контейнер (павильондор) же башка соода курулуштарынын өрткө каршы аралыктары | | АПӨМ О | | | |
| 1.13. Музейлер, сүрөт галереялары, көргөзмөлөр, көргөзмө залдары | Музейдин күйүүчү баалуу мүлктөрүн, фондду сактоочу жайлары. Башка жайларда (3-тарамда көрсөтүлгөн жайлардан башкасы жана күнү-түнү кайтарылып, алгачкы өрт өчүрүүчү каражаттары менен жабдылган жайлар) | + | + | Оргтехника жайгашкан жайларда - түтүндүү, башкаларда - жылуулуктуу | Газдуу |
| 1.14. Маданият жана эс алуу парктарынын, зоопарктын имараттары | Бардык жайларда (3-бөлүмдө көрсөтүлгөн жайлардан башкасы жана күнү-түнү кайтарылып, алгачкы өрт өчүрүүчү каражаттары менен жабдылган жайлар) | | + | Жылуулуктуу | |
| 1.15. Планета- рийлер | Башка жайларда (3-бөлүмдө көрсөтүлгөн жайлардан башкасы) | | + | Жылуулуктуу | |
| 1.16. Калкты тиричилик жактан тейлөө | Саны 10 жумушчу орундан ашык кийим тигүү жана оңдоо | | + | Оргтехника жайгашкан жайларда - | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| ишканалары | ишканаларынын баш кийим, трикотаж буюмдарын өндүрүү жана кампа жайлары; 20 жумушчу орундан ашык химиялык тазалоо, тиричилик электр жабдууларын, радиотелефото-аппаратураларды оңдоо жайлары | | | түтүндүү, башкаларда - жылуулуктуу | |
| 1.17. Коомдук тамактануу жайлары | Тамак ичүү жайы, кургак азыктардын кампасы | | + | Жылуулуктуу | |
| 1.18. Казино, оюн автоматтары ж.б. | Тамак ичүү жайы, кургак азыктардын кампасы | | + | Жылуулуктуу | |
| 1.19. Санаторийлер, профилакторий- лер, эс алуу жана туризм мекемелери | 40 жана андан ашык орундуу уктоо корпустары, ашканалар, коомдук маданий, туристтик, спорттук ден-соолукту чыңдоочу жана кызматтык-тиричилик жайлары | | + | Оргтехника жайгашкан жайларда - түтүндүү, башкаларда - жылуулуктуу | |
| 1.20. Илим-изилдөө мекемелери, башкармалыктары, конструктордук жана долбоордук уюмдар, мамлекеттик башкаруунун имараттары ж.б. жайлары | Китепканалардын, архивдердин, кампалардын, китеп мукабалоо-оңдоп түзөө устаканасынын, керексиз кагаздарды жыйоо сактоо жайлары | + | | | Макулдашуу боюнча |
| | Башка жайларда (3-чү бөлүмдө аталган жайлардан башкалары) | | + | | |
| 1.21. Окуу жайлар жана билим берүү мекемелери | Бардык жайларда (3-чү тарамда аталган жайлардан башкалары) | | + | Оргтехника жайгашкан жайларда - түтүндүү, башкаларда - жылуулуктуу | |
| 1.22 Балдардын мектепке чейинки мекемелери | Башка жайларда (3-чү бөлүмдө аталган жайлардан башкалары) | | + | Оргтехника жайгашкан жайларда - түтүндүү, башкаларда - жылуулуктуу | |
| 1.23. Мектеп- тер, жатак-мектептер жана мектептин алдындагы жатак мектептер | 360 орундуу жайларында физика, химия, эмгек, компьютер | | + | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | кабинеттери, устаканалар жана алардын кошумча жайлары (класстар, жалпы сабак окутуу кабинеттери, окуу-спорттук залдары, даярдоо жана даярдоого чейинки цехтер, башчы жана орун басарлардын кабинеттери жана 3-бөлүмдө аталган жайлардан башкалары) | | | | |
| 1.24. Эллингдер | Бардык жайларда | | + | Түтүндүү | |
| 1.25. Спорттук курулуштар трибунанын астына 3000 жана андан ашык көрүүчү бата турган аянты бар ачык спорттук курулмалар: | | | | Жылуулуктуу | Суулуу |
| - 100 чарчы м жана андан ашык | | + | | | |
| - 100 чарчы м аз | | | + | | |
| Трибунанын астына ар кандай сандагы көрүүчү бата турган аянты бар жабык спорттук курулмалар: - 100 чарчы м жана андан ашык | | + | | | |
| - 100 чарчы м аз | | | + | | |
| - 800 жана андан ашык көрүүчү бата турган аянты болгон жабык спорттук курулмаларды, трибуналардын астында болсо ар кандай сандагы көрүүчү бата турган аянты бар: | | | | | |
| - 100 чарчы м жана андан ашык | | + | | | |
| - 100 чарчы м аз | | | + | | |
| 1.26. Сыйынуу имараттары жана комплекстери | Бардык жайларда (3-чө бөлүмдө аталган жайлардан башкалары) | | + | Жылуулуктуу | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1.27. Татаал технологиялык процесстерди башкаруу системаларында иштеген бузулуусу адамдардын коопсуздугуна таасир тийгизген электрондук-эсептөө машиналарын жайгаштыруу үчүн жай, автоматташтырыл- ган борборлор | ЭВМ жайгашкан жайлар, электрондук эсептөө техникасы, графопокуруучу- лар, тейлөө аппараттарынын системалык программисттери, белгилерди даярдоо системасы, ошондой эле чечилчү полдун астындагы жана асылма шыптын мейкиндиги (кызмат орундарында колдонулуучу жеке ЭЭМ жана тейлөө жерин талап кылбагандардан тышкары) | + | | | Макулдашуу боюнча |
| 1.28. Коомдук жана администрациялык-тиричилик имараттары: | Бардык жайларда (1.2, 1.3, 1.5, 1.13 п. аталган жайлардан башкалары) | | | Коридорлор-до, холлдордо, оргтехника жайгашкан жайларда - түтүндүү, башкаларда - жылуулуктуу | Суулуу |
| - 10 кабаттуу жана андан ашык | | + | | | |
| - 10 кабаттан аз | | | + | | |
| 2. Курулмалар | | | | | |
| 2.1. Электр станцияларынын кабелдүү курулмалары | | + | | | Макулдашуу боюнча |
| 2.2. 12 жана андан көп кабелдер салынган кабелдик курулмалар | | + | | | |
| 2.3. 12 кабелден аз салынган кабелдүү курулмалар же металлдык түтүктө май менен толтурулган кабелдер (2.1, 2.4 пункттарда айтылгандардан башкалары) | | | + | түтүндүү | |
| 2.4. Кабелдик курулмалар (2.1 тарамда айтылгандардан | | + | | | Көбүктүү, порошоктуу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| башкалары) - 100 куб.м жана андан ашык көлөмдөгү | | | | | |
| - 100 куб.м аз көлөмдөгү | | | + | | |
| 2.5. Жеңил күйүүчү жана күйүүчү суюктуктарды сактоо үчүн сыйымдуу курулмалар (резервуарлар) | | + | | | |
| 2.6. Күйүүчү заттарды жана материалдарды ташуу үчүн жабык галереялар: | | | | | |
| - 100 куб.м жана андан ашык | | + | | | Көбүктүү, порошокту у |
| - 100 куб.м аз көлөмдө | | | + | | |
| 3. Кампалар | | | | | |
| 3.1. Жеңил күйүүчү суюктуктар, күйүүчү суюктуктар, суюлтулган күйүүчү газдардын кампалары, аянтына карабастан | Өрт коркунучу "А" жана "Б" категориясында болгон ЖКС жана КС, суюлтулган күйүүчү газдардын сактоо жайлары | + | | | Көбүктүү, порошок-туу, АПӨМӨ - макулдашуу боюнча |
| 3.2. Аянтына карабастан каучук, целлулоид жана алардан жасалган буюмдар, ширеңке, пиротехникалык буюмдар, шелочтуу металлдардын кампалары | Өрт коркунучу "А" жана "Б" категориясында болгон ЖКС жана КС, суюлтулган газдарды сактоо жайлары | + | | | Көбүктүү, порошок-туу, газдуу, АПӨМӨ - макулдашуу боюнча |
| 3.3. Жүн, аң тери кампалары:<br>- 500 чарчы м жана андан ашык | Бардык жайларда | + | | | Газдуу |
| - 500 чарчы м аз | | | + | Жылуулуктуу | |
| 3.4. Баалуу металлдардын жана асыл таштардын кампасы аянтына карабастан | Баалуу металлдардын жана асыл таштарды сактоо жайлары | + | | | Суулуу, АПӨМӨ - макулдашуу боюнча |
| 3.5. Ацетат негизиндеги фото-, кино-, аудиопленкалардын | Санына карабастан күйүүчү негиздеги фото-, кино-, аудиопленкаларды: | + | | | Порошок-туу, АПӨМӨ - макулдаш |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| кампасы | ацетаттын негизинде - 200 кг жана андан ашыкты сактоо жайлары | | | | уу боюнча |
| 3.6. Жарым өткөргүч материалдар, микросхемалар жана башка радио тетиктеринин кампасы | Радиоэлектрон- дук техникаларды жана анын тетиктерин, микросхемаларын ж.б. чогултуучу жана сактоо жайлары | + | | | Порошок-туу, АПӨМӨ - макулдаш уу боюнча |
| 3.7. Күйүүчү таңгактардагы таралардагы күйүүчү жана күйбөөчү жүктөрдүн кампалары | | | | Жылуулукту | Кошумча алгачкы өрт өчүрүү каражат-тары бар күндүр-түндүр кайтаруу-дагылар суулуу, АПӨМӨ |
| - 1000 чарчы м жана андан ашык | | + | | | |
| - 100 чарчы м аз | | | + | | |
| - жер үстүндөгү 300 чарчы м ашык | | + | | | |
| - 1000 чарчы м аз | | | + | | |
| - цоколдук жана жертөлө кабаттары | | + | | | |
| - 300 чарчы м аз | | | + | | |
| - Күйүүчү жана күйбөөчү жүктөрдүн күйүүчү сырттагычта бийиктиги 5,5 метр жана андан ашык болгон текчелүү сактоо жайлары | | АПӨМ О | | | |
| 3.8. Резина жана резина-техникалык буюмдардын кампасы: | | | | Дифференциал дык | Көбүктүү |
| - 750 чарчы м жана ашык бир кабаттуу имараттар | | + | | | |
| - 750 чарчы м аз | | | + | | |
| - эки жана көп кабаттуу | | + | | | |
| 3.9. Жыгач плиталардын, чамындылардын, | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| жыгач буюмдардын бөлүктөрүнүн жана арааланган жыгачтардын жабык кампалары: | | | | | |
| - өрткө чыдамдуулугу IV-V даражадагы 500 чарчы м жана андан ашык | Сактоо жайлары | + | | Жылуулуктуу | Суулуу |
| - 500 чарчы м аз | | | + | | |
| - III-IV даражадагы өрткө чыдамдуулугу 1000 чарчы м жана андан ашык | | + | | | |
| - 1000 чарчы м аз | | | + | | |
| - III даражадагы өрткө чыдамдуулугу 1200 чарчы м жана андан ашык | | + | | | |
| - 1200 чарчы м аз | | | + | | |
| - II-I даражадагы өрткө чыдамдуулугу 1500 чарчы м жана андан ашык | | + | | | |
| - 1500 чарчы м аз | | | + | | |
| 3.10. Жарылуучу заттардын кампалары | Жарылуучу заттарды жабык сактоо жайлары (контейнерде сактоодон башкасы) | + | | | Суулуу |
| 4. Өндүрүштүк имараттар жана жайлар | | | | | |
| 4.1. Жарылуу-өрт коркунучу "А" жана "Б" категориясында болгон ЖКС жана КС колдонгон өндүрүштүк имараттар | ЖКС жана КС, суюлтулган күйүүчү газдары, ошондой эле күйүүчү чаңдар жана булалар болгон өндүрүштүк жайлар | + | | | |
| 4.2. Өрт коркунучу "В" категориясындагы имараттар:<br>- 500 чарчы м жана андан ашык болгон бардык жайларда | Бардык жайларда | | + | Жылуулуктуу | Суулуу |
| - 500 чарчы м аз | | + | | | |
| - 1000 чарчы м жана андан ашык бир | | | + | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| кабаттуу | | | | | |
| - 1000 чарчы м аз | | + | | | |
| - 500 чарчы м жана андан ашык эки жана көп кабаттуу | | | + | | |
| - 500 чарчы м аз | | + | | | |
| 4.3. Кабаттарга жайгаштыруу учурунда щелочтуу металлдары бар имараттар: | Цоколдук жайларда Жер үстүндөгү | | | Жылуулуктуу | Суулуу |
| - 300 чарчы м жана андан ашык | | + | | | |
| - 300 чарчы м аз | | | + | | |
| - 500 чарчы м жана андан ашык | | + | | | |
| - 500 чарчы м аз | | | + | | |
| 5. Транспорт | Автомобил транспорту | | | Жылуулуктуу | Көбүк |
| 5.1. Транспорт каражаттарын техникалык тейлөө жана оңдоо имараттары: | | | | | |
| - 1000 чарчы м жана андан ашык бир кабаттуу | | + | | | |
| - 1000 чарчы м аз | | | + | | |
| - эки жана көп кабаттуу | | + | | | |
| 5.2. Гараждар - автоунаалар туруучу жайлар: | | | | | Көбүк МӨК органдары менен келишүү негизинде - күнү-түнү үзгүлтүксүз кароолчу жана алгачкы жылдыруу |
| - жер астындагы; суюк газ менен жүрүүчү автоунаалардан сырткары | | +, АПӨМО | | Жылуулуктуу | |
| - цоколдук жана бир кабаттуу (бокс жайларында дароо тышка чыга бериш жери гараж-автоунаа-лар туруучу жайлар болгон жайлардан башкасы) 1200 чарчы м жана андан ашык; | | | + | | |
| - 1200 чарчы м аз | | + | | | Өрт өчүрүү жабдуулар |
| | | | + | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| эки жана андан көп кабаттуу | | | | | ын болгон учурда |
| 5.3. ЖКС, ГКС жана газ ташуу автотранспорт-тору үчүн имараттар | Бардык жайларда | + | | | Көбүк, порошокту у |
| 5.4. Жылдыруучу составды оңдоо жана тейлөө депосу | Электр машиналык, аппараттык, араба жана дөңгөлөктүү, вагондорду курастыруу жана ажыратуу, оңдоо-комплекттөө, электр вагондук, дизелдик жылдыруучу составды техникалык тейлөө, койтейнер депосу, рельса өндүрүү, цистерналарды ысытып тазалоо, нефтебитум үчүн вагондорду жылуу камера менен тазалоо, шпалага цилиндрдик сиңдирилген жыгачтын тунмасы | + | | | Көбүк, порошокту у |
| 5. Авиациялык транспорт | | | | | |
| 5.5. Авиация- лык-техникалык базалар | Авиакыймылдаткычтар ды, аба винттерин, учактардын жана вертолеттордун шассилерин жана дөңгөлөктөрүн ажыратуу жана курастыруу жайлары | + | | | Көбүк, порошокту у |
| 5.6. Учакты жана кыймылдаткычты оңдоо өндүрүшү | Учак системасын курастыруу жана ажыратуу, жууп тазалоо тилкелери, күйүүчү системаларын сыноо (бензин, керосин менен жууп тазалоо), учактын кыймылдаткычын оңдоочу өндүрүш жайлары | + | | | Көбүк, порошокту у |
| 5.7. Аэропорттун башкаруу имараттары | Борттогу азыктандыруу цехтери (жүргүнчүлөрдүн узакка күтүүсүндө), авиатопливо менен камсыздандыруу жайлары, товардык жүк | + | | Түтүндүү | Порошокт уу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | жана материалдык-техникалык мүлк склад жайлары, электрондук эсептөө машиналарынын жайлары автоматташты- рылган системадагы контролдук диспетчердик түйүндөрү, коммуникациялык билдирүү борбору, радиомаркер менен берүүчү алыстагы жана жакынкы радиостанциялар, - атайын бөлүм, кассалар, көбөйтүү жабдууларынын бөлмөсү, радио берүү түйүндөрү | | | | |
| 5.8. Автотранспорт кызматы | Оңдоо жайлары, атайын машиналарды сактоо жайлары, автотранспорт- тун туруучу жайы | | + | Жылуулуктуу | |
| 6. Энергетикалык имараттар жана жайлар | | | | | |
| 6.1. Реакторлуу жана трансформаторлуу подстанциялар | Чыңалуу трансформатору жана реактору болгон подстанциялардын жайлары | | | Түтүндүү | Порошоктуу |
| - 500 квт жана андан ашык | | + | | | |
| - 500 квт аз | | | + | | |
| - чыңалуусу 220-230 Квт, айрым кубаттуулугу МВА (меговольтампер) болгон трансформаторлор; | | + | | | |
| - 100 квт жана андан ашык | | + | | | |
| - 100 квт аз | | | + | | |
| 6.2. Бекилген подстанциялар жана бөлүштүрүү жабдуулары: | Жабык подстанциялардын камерасында жайгашкан | | | Түтүндүү | Порошоктуу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| - 63 мва жана андан ашык мегавольт, чыңалуусу 110 квт жана андан ашык | трансформаторлор, жана кубаттуулугу МВА, КВТ болгон бөлүштүргүү жабдууларынын жайлары | + | | | |
| - 63 мегавольттон аз (чыңалуусу 110 квт аз) | | | + | | |
| 7. Байланыш имараттары жана жайлары | | | | | |
| 7.1. АТС, Сервердик | ЭЭМ менен биргелешип квазиэлектрондук жана электрондук түрдөгү коммутациялык жабдууларын башкаруу комплекси катары колдонгон жана кошуу-ажыратуу жабдуулары болгон 10 миң жана андан ашык номерге ээ болгон автозал жайлары, электрондук коммутациялык станциялар жайлары, түйүндөр, 10 миң жана андан ашык номер, канал же кошулуу түйүндөрү болгон документалдуу электрдик байланыш борборлору | + | | | Порошоктуу |
| 7.2. Эл аралык телефон станциялары | 10 миң жана андан ашык шаар аралык каналга ээ болгон ЭЭМ негизинде башкарылган жабдуулардын автоматташтырылган шаар аралык станцияларга бөлүнгөн жайлары | | | Түтүндүү | Порошоктуу |
| - 24 кв.м жана андан ашык | | + | | | |
| - 24 кв.м аз | | | + | | |
| 7.3. Башка имараттар | Вентиляция, дизель, трансформатор жайлары, кубаттуулугу 150 Квт жана андан ашык радиостанция-лардын бөлүү жабдуулары, приемниктерин 20дан баштап болгон радиостанция- лары, стационардык станциялары, | + | | | Порошоктуу, көбүктүү |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | кубаттуулугу 1 Квт ашык космостук байланыш жабдуулары, кубаттуулугу 25-20 кВт болгон ретрансляциондук телевизиондук станциялары, тармактык түйүндөрү, шаар аралык жана шаардык телефондук станциялары телеграф станциялары, күчөтүү түйүндөрү жана райондук байланыш түйүндөрүнүн жайлары | | | | |
| 7.4. Техникалык цехтер | Кечки жана түнкү алмаштыруусу болбогон тейленген жана тейленбеген жайлар: - техникалык жайлар, түпкү күчөтүү жери, арадагы радиорелейлик станциялар, берүү жана алуу радиоборборлору, автоматтык залдар, шаардык телефон станциялары жана подстанциялардын жайлары | + | | | Порошокт уу |
| 7.5. Почтамттар: | | | | | |
| жалпы аянты 40 миң м. куб. жана андан ашык болгон имараттар | Башкы кассалар, көзөмөлдөп которуу бюролору жана аймактык эсептөө борборлору, почтампттардын жайлары | + | | Түтүндүү | Порошокт уу |
| - 500 кв.м жана андан ашык | - посылкаларды, каттарды жана гезиттерди кабыл алуу, бөлүү, сактоо жана жеткирүү почта жайлары | | + | | |
| - 500 кв.м аз | | + | | | |
| 8. МКЖ (КМКЖ), АГТЖ имараттары, жайлары жана жанындагы ТТС | | | | | |
| 8.1. МКЖ (КМКЖ), АГТЖ | Бардык жайларда | | + | Түтүндүү | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 8.2. МКЖ (КМКЖ), АГТЖдын жанындагы киосктор (павильондор) | МКЖ (КМКЖ) жанында өз алдынча турган жана майда өлчөнүп оролгон товарларды саткан павильондор | АПӨМ О | | | |
| 9. ИИБ имараттары жана жайлары | | | | | |
| 9.1. ИИБ имараттары | Жайлар: - курал-жабдык жана аларды тазалоо, кызмат жаныбарлары үчүн бөлмөлөр, кызматтык кабинеттер, штабдар, усулдук кабинеттер, түрмөдөгү кызмат, көмөкчү жана өндүрүш жайлары, тергөө, штабдык жана тартип изоляторлору, өрткө чыдамдуулугу IV-V даражада болгон абак түрүндөгү жайлар | + | | Түтүндүү | |
| 10. Телерадио-уктуруу | Телеборбордун телевизиондук студиялары | | | | |
| 10.1. Студиялар: | | | | Түтүндүү | Порошоктуу |
| - телеборборлор 3000 м.кв. жана андан ашык | | + | | | |
| - 3000 м чарчы аз | | | + | | |
| - радио түйүн 300 чарчы м жана андан ашык | студиялардын радио түйүндөрү | + | | | |
| - 300 чарчы м аз | | | + | | |
| 10.2. Цехтер, устаканалар Бутафордук-рек-визиттүү ж.б. | Бардык жайларда (күйүүчү материалдары болбогон жайлардан башка) | | + | Жылуулуктуу | |
| 10.3. Аянтына карабастан радио түйүндөрдүн негизги фонотекасы | Фонддогу фонограмма сактагыч жайлары ж.б. | + | | | Порошоктуу, кичинекей аянтта болгон жайларда ГПН органдары менен келишүү негизинде АПӨМО орнотуу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 11. Кинематография | | | | | |
| 11.1. Декоратив- дүү курулмалардын цехтери | Коюучу, жасалгалоочу жайлар ж.б. | | | Жылуулуктуу | Суулуу |
| - 500 м чарчы жана артык | | + | | | |
| - 500 м чарчы аз | | | + | | |
| 11.2. Киностудиялардын тартуу павильондору | Бардык жайларда | | | Жылуулуктуу | Суулуу |
| - 1000 чарчы м жана андан ашык | | + | | | |
| - 1000 чарчы м аз | | | + | | |
| 11.3. Фильм базалары | Фильмдерди ижарага берүү, фильмдерди оңдоо, тазалоо, реставрациялоо устаканалары ж.б. | + | + | Түтүндүү | |
| 11.4. Көчүрмө жайлары | Цехтердин, участоктордун, кампалардын өндүрүш жайлары | + | + | Түтүндүү | |
| 12. Турак-жай чарбачылык | | | | | |
| 12.1. Жарандык ырым-жырым имараттары | Аза күтүү жайлары (санитардык түйүн жана муздатуу камераларынан башка), кабыл алуу бөлүмү, каттоо бөлүмү, кызматкерлердин бөлмөлөрү, санитардык-ти- ричилик, күйүүчү материалдардын кампасы, ритуалдык залдар | | + | Жылуулуктуу | |
| 13. Элеваторлор | | | | | |
| 13.1. Өрткө чыдамдуулугу I жана II даражада болгон элеватор имараттары | | | + | Жылуулуктуу | |
| 13.2. Өрткө чыдамдуулугу III, V даражада болгондор | | + | | | Суулуу, чакан аянтта болгон жайларда ГПН органдары |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | менен келишүү негизинде АПӨМӨ |
| 14. Жабдуулар | | | | | |
| 14.1. Аянтына карабастан ЖКС жана КС колдонулган камералар | | + | | | Порошок-туу, АПӨМО чакан аянтта болгон жайларда ГПН органдары менен келишүү негизинде |
| 14.2. Кубаттуу- лугуна карабастан май системасы менен муздатууга боло турган трансформаторлор | | + | | | |
| 14.3. 60 кг жана андан ашык май өчүргүчтөрү | | + | | | |
| 14.4. 3 чарчы м жана андан ашык чыйралтуу үчүн өзүнчө орнотулган май сыйымдуулуктары | | + | | | |
| 15. Киосктор, устаканалар, чакан вагондор | | | | | |
| 15.1. Кичирээк көлөмдөгү жана өз алдынча турган киосктор, устаканалар, чакан вагондор, коттедждер ж.б. жайлар | | АПӨМО | | | |

Эскертүү

**АӨӨЖО** - автоматташтырылган өрт өчүрүүчү орнотмолору.

**АӨКО** - автоматташтырылган өрт кабарлоочу орнотмолор.

**АПӨМО** - автоматташтырылган порошок менен өрт өчүрүүчү модулдук орнотмолору.

**ӨКМК** - өрт көзөмөл мамлекеттик кызматы.

**АМКС** - автоматташтырылган май куюучу станция (контейнердик май куюучу станция).

**АГТС** - автоматташтырылган газ толтуруучу станция.

**ТТС** - техникалык тейлөөнүн станциясы.

**ИИКО** - ички иштер кызматынын органдары.

Автоматташтырылган порошок менен өрт өчүрүүчү модулдук орнотмолор катуу күйүүчү материалдарды, күйүүчү суюктуктарды (АПӨМО), ошондой эле өндүрүштөгү кампа, тиричилик

жана башка бөлмөлөрдө чыңалууда турган электр жабдууларында чыккан өрттөрдү өчүрүү жана токтотуу үчүн арналып жасалган жана автоматташтырылган порошок менен өрт өчүрүүчү модулдук орнотмолордун негизги элементи болуп эсептелет.

ӨӨМОнун очоктордо өрт өчүрүү жөндөмдүүлүгү:

А классы - өчүрүү аянты - 7 кв.м; - өчүрүүнүн көлөмү - 18 куб.м;

В классы - өчүрүүнүн аянты - 7 кв.м; - өчүрүүнүн көлөмү - 16 куб.м.

Терминдер жана аныктоолор

**Бөлмө, жай** - өрткө каршы чыдамдуулук тосмосунун жеткен чеги 0,75 саатты түзгөн имараттын же курулманын тосмо менен бөлүнгөн конструкциясынын бөлүгү.

**Бөлмөнүн, жайдын аянты** - өрткө каршы чыдамдуулук тосмосу менен бөлүнгөн бир бөлмөнүн (конкреттүү) же бир нече бөлмөнүн кошулган аянты.

**Кабелдик курулмалар** - электр кабелдери өтүүчү тоннелдерде, өтүү каналдарында, жер төлөлөрдө, шахталарда, кабаттарда, катталган жер тамандарда, галереяларда, камераларда чогуу жана башка коммуникациялар менен бирге колдонулуучу төшөөлөр.